Колдонулган адабияттар

1. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015.
2. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарды аткаруунун багыттары // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2019. – № 3–4. – Б. 50–53.
3. Кадыров Ы. Эмгегин элге жеткирээр кез келди // Кыргыз Туусу. – 1992. – 18-январь.
4. Мамбетакунов Э. Педагогикалык изилдөөнүн методологиясы жана технологиясы. – Бишкек, 2021.
5. Профессор Ж. Чыманов жана кыргыз тилин окутуу маселелери [Электрондук ресурс]. – URL: https://kutbilim.kg/analytics/inner/professor-zh-chymanov-zhana-kyrgyz-tilin-okutuu-maseleleri/ (кайрылган күнү: 20.09.2026).

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Джаманкулова А.

УДК: 811.512.154(07)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-66-72

Аскар кызы Ж., Анапияева А.А., Муканова Н.Ш.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети,
Аскар кызы Ж.,[1] Анапияева А.А.,[2] Муканова Н.Ш.[2]
КНУ имени Жусупа Баласагына,[1]
Иссык-Кульский государственный университет имени К.Тыныстанова[2]
Askar kyzy Zh., Anapiyeva A.A., Mukanova N.Sh.
KNU Jusup Balasagyn,
Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov

ORCID 0009-0006-5245-572X
ORCID 0009 0007 8379 0405
ORCID 0009-0002-9489-6225

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ФУНКЦИОНАЛДЫК СТИЛДЕР ТУУРАЛУУ
О ФУНКЦИОНАЛЬНЫХ СТИЛЯХ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ
ON FUNCTIONAL STYLES IN THE KYRGYZ LANGUAGE

Кыскача мүнөздөмө: Лингвостилистиканын негизги маселелерине структуралык стилистика, функционалдык стилистика, коннотациялар жана алардын табияты, коннотациялык тилдик бирдиктердин көркөм тексттердеги кызматын аныктоо, алар боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, ошондой эле бул илимий тармактын табиятын жана өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү кирет. Булар кыргыз тил илими үчүн өтө актуалдуу маселелер. Көркөм тексттердеги тилдик каражаттар аркылуу туюнтулган подтексттик маанидеги жалпы менен жекеликти, жалпылыкты жана жекеликти тааануу маселеси кыргыз тил илиминде али жетиштүү изилдене элек. Демек, бул багытта илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү азыркы кыргыз тил илиминде объективдүү зарылчылык болуп саналат. Ушундай жагдайларды эске алуу менен, бул макала функционалдык стилистика боюнча жалпы материалдардын негизинде даярдалды. Бир нече окумуштуунун пикирлерин салыштыруунун негизинде функционалдык стилистика коомдо калыптанган коммуникация чөйрөлөрүндө ой-пикирди жана маалыматты билдирүү шарттарын, коом тарабынан коммуникацияга коюлган талаптарды, ошондой эле бул коммуникация чөйрөсүндөгү тилдик каражаттардын колдонулуш мыйзамдарын жана нормаларын изилдей турган илим экендиги тастыкталды.

Аннотация: К основным проблемам лингвостилистики относятся структурная стилистика, функциональная стилистика, коннотации и их природа, определение функций коннотативных языковых единиц в художественных текстах, проведение научных исследований, а также раскрытие сущности и особенностей данной научной области. Эти вопросы весьма актуальны для кыргызского языкознания. Проблема распознавания общего и частного, общности и частности в подтекстовом значении, выраженном языковыми средствами в художественных текстах, до сих пор недостаточно изучена в кыргызском языкознании. Поэтому проведение научных исследований в этом направлении является объективной необходимостью для современного кыргызского языкознания. С учётом этих обстоятельств данная статья подготовлена на основе общих материалов по функциональной стилистике. На основе сопоставления мнений ряда учёных подтверждается, что функциональная стилистика представляет собой науку, изучающую условия выражения мыслей и информации в сформировавшихся в обществе сферах коммуникации, требования, предъявляемые обществом к коммуникации, а также закономерности и нормы использования языковых средств в этих сферах.

Abstract: The main issues of linguostylistics include structural stylistics, functional stylistics, connotations and their nature, the functions of connotative linguistic units in literary texts, research into these issues, and the nature and specific features of this field of study. These issues are highly relevant to Kyrgyz linguistics. The problem of identifying the general and the particular, as well as generality and particularity, in subtextual meanings expressed through linguistic means in literary texts remains insufficiently studied in Kyrgyz linguistics. Therefore, further research in this area is an objective necessity for contemporary Kyrgyz linguistics. Taking these circumstances into account, this article was prepared on the basis of general materials on functional stylistics. A comparison of the views of several scholars confirms that functional stylistics is a field that studies the conditions under which thoughts and information are expressed in socially established spheres of communication, the requirements imposed by society on communication, as well as the principles and norms governing the use of linguistic means within these spheres.

Негизги сөздөр: стилистика; функционалдык стилдер; пикир алышуу; тилдик каражаттар; лексика; лингвистика; лингвостилистика ж.б.

Ключевые слова: стилистика; функциональные стили; коммуникация; языковые средства; лексика; лингвистика; лингвостилистика и др.

Keywords: stylistics; functional styles; communication; linguistic means; vocabulary; linguistics; linguostylistics, etc.

Стиль түшүнүгү тилдин коомдук функциясы менен тыгыз байланышта. Бул тилдик функциялар байланыш, өз ара аракеттенүү жана таасир берүү болуп саналат. Бул функциялар адабий тилдин стилдерин аныктайт. Мисалы, оозеки сүйлөшүү стили тилдин коммуникативдик кызматына, илимий стиль тилдин коммуникативдик кызматына, публицистикалык жана көркөм стилдер тилдин таасир берүүчү функциясына көбүрөөк таянат [5].

Демек, стилистика – бул баарлашууда тилдик каражаттар аркылуу маалыматты жөн эле туюндуруу эмес, тескерисинче, маалыматты эң ийкемдүү тилдик каражаттарды колдонуу менен, мазмундуу, ырааттуу, стилистикалык нормаларга ылайык толук, так, таасирдүү, орундуу жана жеткиликтүү билдирүүгө үйрөтүү. Бул теориялык билим практикалык стилистика аркылуу ишке ашат. Маданияттуу, кооз сүйлөө бүгүнкү күндө ар бир адам үчүн өтө зарыл, анткени адамдын сүйлөө маданияты анын жалпы маданиятынын күзгүсү. Тилди колдонуунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн эсепке алуу, талдоо, пикир алышуу чөйрөсү талап кылган ылайыктуу жана ийкемдүү лингвистикалык каражаттарды туура колдонуу дүйнө элдеринде улуу искусство, жалпы адамзаттык маданияттын бир түрү катары эсептелет.

Кыргыз тилинин стилистикасы салыштырмалуу жаңы илим.

Кыргыз тилинин стилистикасы жөнүндөгү алгачкы маалыматтар эне тилин окутуу боюнча алгачкы окуу китептеринен келип чыккан. Турмуштун бардык чөйрөлөрүндө тилдин

коммуникативдик сапаттарына көңүл буруу, тилди ишке ашырууда тилдик нормаларды сактоо жана максималдуу түрдө жөнгө салуу азыркы тил илиминин актуалдуу маселелери болуп саналат. Учурда тил илими кептин табиятын, маданий кептин принциптерин, маалымат алмашуунун механизмдерин, тилдик бирдиктерди, каражаттарды колдонуу менен кынтыксыз тексттерди түзүүнү, жогорку деңгээлдеги кепти ишке ашыруунун ыкмаларын, укуктук нормаларды изилдөөчү лингвостилистика илимине көңүл буруусу зарыл [1; 6].

Тилдин лексикасы белгилүү бир тилге мүнөздүү активдүү жана пассивдүү лексикалык бирдиктердин жыйындысынан түзүлүп, стилистикалык жактан туруктуу эмес. Жалпыбызга жакшы маалым болгондой, өткөн кылымдын 70–80-жылдарында илимий-техникалык революция деген атты алган илим менен техникадагы өзгөрүүлөр, өсүп-өнүгүүлөр, 80-жылдардын акырындагы кайра куруу саясатына байланыштуу коомдо, коомдук аң-сезимде, экономикада болгон өзгөрүүлөр, акырында 90-жылдарда коомдук системанын түп-тамырынан бери өзгөрүшү жана буларга байланыштуу көркөм ой жүгүртүү процессинде болуп жаткан өзгөрүүлөр тилибизде жаңы сөздөрдүн (неологизмдердин) өзүнчө бир ааламын жаратты.

Жаңы сөздөр, колдон келсе, токтоосуз катталып, иретке келтирилип, илимий айлампага түшүп, учурдагы жагдай-шартка ылайык териштирилип, өзүнчө маалымдама мүнөзүндөбү же сөздүкчө кейпинде жарыкка чыгарылышы өтө зарыл. Болбосо оозеки сүйлөшүү кебиндеби, илимдеби же маданияттабы, айтор, коомубузда чар-жайыттык орун алып, өз ара пикир алышуу, түшүнүшүү түйшүктү жаратпай койбойт. Мунун чет-бучкагын азыр өзүбүз да баштан кечирип жатабыз.

Экинчиден, жаңы сөздөргө байланыштуу тил теориясына тиешелүү, бири-бири менен өтө чырмалышкан бир нече олуттуу маселелер бар. Жаңы сөздөр, өзгөчө кийинки учурдагыдай күрдөөлдүү пайда болуп жаткан жаңы сөздөр, тилибиздин бүтүндөй лексика-семантикалык системасына зор таасир этпей койбойт. Дааналап айтканда, лексикалык системага бир эле жаңы сөздүн кошулушу лексикабыздагы башка көптөгөн сөздөрдү семантикалык жылышка дуушар кылат. Дал ушул семантикалык жылыш көңүл чордонунда турууга тийиш, анткени бул суроонун туура териштирилиши тилдин өнүгүү мыйзам-ченемдерин тактоого, бул аркылуу аталган проблеманы теориялык жактан байытууга өз үлүшүн кошору шексиз.

Дагы бир маселе: бүгүн анча элес алынбаганы менен, бүгүнкү жаңы сөз эртең эле тарыхка айланат, өзүнчө тагдырга дуушар болот. Адам тагдыры сымал эле сөздүн тарыхын билүүгө да биз мажбур болуп калабыз: бул сөз качан пайда болгон, кимдер тарабынан жаралган, адегенде кандай маанини туюндурган, кандай өзгөрүүлөргө учураган — ушул өңдүү сөздүн, кеңири алганда тилдин өнүгүү, сөздөрдүн теги, төркүн-төсү теориясына байланыштуу көптөгөн суроолор жаралат. Жаңы сөздү ошол жаңы чагында кармап, териштирүү жүргүзүп калбасак, жогорудагы суроолордун көбүнө кийин биз жооп бере албай калабыз же туура эмес жооп берүү менен гана чектелебиз [2]. Демек, тилдин курамында лексикалык мааниси жок, бирок кепке кошумча маанилерди кошуп, бирдиктин курамына кирген сөздөр да болот. Демек, жардамчы сөздөр да лексиканын курамына кирип, стилистикада маанилүү роль ойнойт.

Лингвистикалык бирдиктер адамдын аң-сезиминде сакталып, анын психикалык табиятын тастыктайт. Лингвистикалык бирдиктер кепте ишке ашып, пикир алышуу, маалымат топтоо, ички тажрыйбаларды билдирүү каражатына айланганда, тилдин коомдук кызматы алдыңкы планга чыгат. Демек, стилистика тил илими катары тилдин өзүн эмес, сөздү анын иштешинин өзгөчө формасы катары изилдейт. Кепке айлануу менен тил өзүнүн психикалык жана социалдык табиятын көрсөтөт [3].

«Стиль» сөзүнүн башка маанилери менен чаташтырбоо үчүн функционалдык стилдерди кээде лингвистикалык жанрлар же тилдин функционалдык түрлөрү деп аташат. Ар бир функционалдык стиль жалпы адабий норманын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүгүнө ээ болуп, жазуу түрүндө да, оозеки түрүндө да колдонулушу мүмкүн.

Кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдери сүйлөшүү стили жана китеп стилдери деп аталган шарттуу түрдөгү эки топко бөлүнөт. Стилдерди мындай бөлүштүрүүдө алардын негизги колдонулуу формалары эске алынат. Мисалы, ар кандай иш кагазы өз кызматын аткаруу үчүн сөзсүз

түрдө жазуу формасына ээ болушу керек. Мындай өзгөчөлүк китеп стилдеринин тобуна мүнөздүү болуп, ага илимий, иш кагаздар, публицистикалык жана көркөм стилдер кирет. Ал эми колдонулуу өзгөчөлүгү боюнча сүйлөшүү стили калган стилдерден айырмалангандыктан, өзүнчө топту түзөт [11].

Сүйлөшүү тексттери функционалдык стилдердин башка түрлөрүндөгү тексттерге караганда тарыхый жактан эски жана маалыматтын жеткиликтүүлүгү принцибинин негизинде түзүлөт. Азыркы учурда биздин эң маанилүү милдетибиз — функционалдык стилдердин бардык түрлөрүндө сүйлөө маданиятын туура ишке ашыруу аркылуу коомдун өнүгүшүн камсыз кылуу.

Өмүр бою билим алуу теориялык жактан гана эмес, практикалык жактан да баалуу. Мектепте алган теориялык билимдер коомдук турмуштун ар кыл жактары менен ажырагыс байланышта болгондо, тарбиянын, улуттук баалуулуктардын, маданияттын, дүйнө таанымдын таасири менен айкалышканда гана маңыздуу боло алат. Элдик педагогиканын үлгүлөрү илимий теория аркылуу мектеп партасынан жаңы муундун аң-сезимине берилип, аздектелип, калыптанат. Күнүмдүк лексикалык жана грамматикалык материал класста өздөштүрүлүп, сабактын үч дидактикалык максатына — максаттуу окутууга жетишүүнүн ички механизми катары кызмат кылат [8].

Кыргыз тили сабагы улуттук мамлекеттин баалуулуктарын даңазалаган, тил маданиятын көтөргөн, тилдик байланыш аркылуу коомдун негизги максаттарына кызмат кылууга үйрөтүүчү практикалык сабак катары балдардын дүйнө таанымын калыптандырат. Жыйынтыгында балдар элин, тилин, маданиятын сүйгөн патриот, башка улуттар менен мамиле түзүүдө тилдик жөндөмү өнүккөн дипломат, келечекке позитивдүү көз караштагы активдүү лидер болуп тарбияланышат. Демек, мектепте алган билимге өз убагында басым жасап, келечектеги жетекчилерге туура багыт берүү билим берүүнүн эң негизги максаттарынын бири болуп саналат.

М. Горький тилди адабияттын негизги материалы, баштапкы элементи катары караган. Башкача айтканда, тилдин түзүлүшү, сөз байлыгы, синтаксиси ж.б. көркөм чыгарма жаратууда өзгөчө мааниге ээ. Демек, шедевр жаратуу үчүн тил маданиятынын негиздерин өздөштүрүү керек деген жыйынтык чыгат [6].

Демосфен чечендик өнөрдүн алгачкы атактууларынын ичинен биринчи жылдыз болуп эсептелген. Ал өз сөзүнүн агымын бузбай, ар дайым ынанымдуу сөз таап, аудиториясын өзүнө тартып, күчтүү таасир калтырган мыкты психолог болгон. Ал өзүнүн үнүнө, жаңсоосуна жана абалына көңүл буруп, эл алдында сүйлөөгө даярданган. «Ал кептин көркөм, мазмундуу, таасирдүү болушу үчүн синонимдерге, метафораларга, метонимияларга көп кайрылчу. Анын негизги ыкмасы сүйлөп жатканда тыныгуу болгон. Анын чечендигин душмандары да жогору баалашкан».

Ал эми кыргыз тилинин стилинин келип чыгышына токтолсок, кыргыз элинин оозеки салтына бай макал-лакаптарынан мисал келтирүүгө болот: «Адам көңүлүнөн азат, тилинен жазат», «Адамды шорго салган да, өлтүргөн да тил», «Адамдын даңкын чыгарган да — тил, тарпын чыгарган да — тил», «Баш кесмек бар, тил кесмек жок», «Дили узундан түңүлбө, тили узундан түңүл», «Жамандан тил укканча, жакшыдан таяк же», «Күчүңдү тилиңден чыгарбай, ишиңден чыгар» ж.б.у.с. Ошол эле учурда бул макал-лакаптар зээндүүлүккө, кыраакылыкка, баамчылдыкка, эс тутумдун күчтүүлүгүнө, берилген контекстте өзүн алып жүрүүнүн жолун таба билүүгө, сөз тутумун өнүктүрүүгө, сюжетти эркин чечмелей алууга, табышмактуу ой жүгүртүүгө жана эркин сүйлөөгө үйрөтөт.

Кыргыздын макал-лакаптарынан көрүнүп тургандай, кыргыздар илгертеден сөздүн күчүн жогору баалап, кооз, мазмундуу, так, чечен сүйлөгөндөрдү урматтап келишкен. Кыргыздар азыркыга чейин жакшы сүйлөгөндү жогору баалаарын С.К. Рысбаевдин «Сөз жөнүндө дастан» деген эмгеги далилдейт [7].

Жалпы адабий тилдин функционалдык стилдери — анын ченемдик системасынан чыкпаган жана конкреттүү коомдук максатына, колдонуу чөйрөсүнө жараша бири-биринен айырмаланган стилдер. Кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдеринин биринчи классификациясын Б.М. Юнусалиев сунуштаган. Жогоруда айтылгандай, А. Турсунов бул багытта ар тараптуу илимий маалыматтарды берген.

Кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдерин изилдөө иштери XX кылымдын 60-жылдарынан башталган. Изилдөөнүн алгачкы этабында кыргыз акындарынын жана жазуучуларынын чыгармаларынын тили лингвистикалык планда талдоого алынган. Демек, кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдери илимий негизде ар тараптуу классификацияланбай эле, кыргыз тилиндеги тексттер, негизинен, көркөм тексттер — көркөм стилдин материалдары катары тандалган.

Тил баарлашуунун негизги каражаты болгондуктан, коомдо коммуникативдик функцияны аткарат. Коммуникация процесси тилдик каражаттардын жардамы менен ишке ашып, ошол кызматы аркылуу гана тилдин коомдогу орду аныкталат. Окумуштуулар сүйлөө чөйрөлөрүн стилдер деп аташса, илимий адабияттарда алар функционалдык стилдер деп аталат. Функционалдык стилдер коммуникациянын өзгөчөлүгүнө, коомдук активдүүлүгүнө жана коннотациянын түрлөрүнө, ошондой эле стилдик өзгөчөлүктөрүнө жараша классификацияланат. Буга байланыштуу окумуштуу Г.Я. Солганик: «Ар бир функционалдык стилдин өзүнүн жанры болот. Ал өз жанрынын кеп чөйрөсүндөгү байланышты билдирет», — деген оюн айтат [9].

Кыргыз тилинин функционалдык стилдерин изилдөөдө окумуштуулар методологиялык ката кетиришкен. Бул ката биринчи кезекте кыргыз тилинин структуралык стилистикасын изилдөөгө байланыштуу, анткени алар өз ара тыгыз байланышта, ал эми экинчиси биринчисинин логикалык уландысы болууга тийиш. Бирок бул маселе эми гана чечиле баштады. Кыргыз тилинин функционалдык стилдеринин биринчи классификациясын Б.М. Юнусалиев түзгөн.

Окумуштуу Т. Аширбаев төмөнкү эмгектердин автору: «Кыргыз тилинин стилистикасы: Стилистиканын жалпы маселелери. 1-китеп»; «Кыргыз тилинин стилистикасы: фонетика, сөз жасоо жана лексикалык стилистика. 2-китеп»; «Кыргыз тилинин стилистикасы: морфологиялык жана синтаксистик стилистика. 3-китеп» ж.б. Бул эмгектер окуу китеби катары түзүлүп, окуу процессине киргизилген [4].

Кыргыз тилинин функционалдык стилистикасы жана анын түрлөрү боюнча кеңири илимий маалымат А. Турсуновго таандык. Окумуштуу кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдерин илимий, иштиктүү, публицистикалык, оозеки жана көркөм сөз стилдери деп бешке бөлөт.

А. Турсунов кыргыз тилинде беш стиль бар экенин көрсөтүп, алардын тилдик өзгөчөлүктөрүнө кыскача токтолот. Бул стилдер бири-биринен социалдык функциялары, ички жанрдык өзгөчөлүктөрү, тилдик ресурстардын көп түрдүүлүгү жана экстралингвистикалык факторлордун спецификалык өзгөчөлүктөрү менен кескин айырмаланат.

Ар бир функционалдык стилде баяндамачы угуучуга өзүнүн оюн жана максатын түшүндүрө алат. Мында баяндамачы кырдаалдын өзгөчөлүгүн эске алуу менен чөйрөгө ылайыктуу стилде угуучуга маалыматты жеткириши керек. Мунун өзү сүйлөшүү маданиятынын бир түрү болуп саналат. Адамдардын ортосунда маалымат алмашуу зарылчылыгы баарлашууну пайда кылат. Ал коммуникация чөйрөсү деп аталган объективдүү жана субъективдүү факторлордун гармониялуу өз ара аракеттенүүсүнүн негизинде ишке ашат. Андыктан ар бир сүйлөшүүдө баарлашуу чөйрөсүнө, анын өзгөчөлүктөрүнө жана талаптарына көңүл буруу өзгөчө маанеге ээ.

Ж. Мамытов көркөм чыгарманын стилин кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдерине киргизбейт. Окумуштуу бул маселе боюнча өзүнүн пикирин мындайча жыйынтыктайт: «Адабий тилдин функционалдык стилдер системасында көркөм адабияттын тили же сөздүн көркөм стили маселесине өзгөчө көңүл бурулууга тийиш [10]. Орус стилистикасы боюнча адабияттарда бул маселе боюнча эки түрдүү пикир бар. Бир топ окумуштуулар (А.Н. Гвоздев, А.И. Панов, М.Н. Кожина, И.Р. Гальперин ж.б.) көркөм адабияттын тилин адабий тилдин функционалдык стилдеринин системасына киргизишкен. Башка изилдөөчүлөр, анын ичинде В.В. Виноградов жана В.Д. Левин, аны улуттук адабий тилдин башка стилдик тармактары менен тең функционалдык стиль катары кароого каршы чыгышкан. Бул пикир боюнча көркөм стиль адабий тилдин функционалдык стили катары каралбайт. Натыйжада ар кандай көркөм чыгарманын тили адабий тилден четтеп калган. Албетте, көркөм стиль көптөгөн тилдик жана тилдик эмес өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт. Окшош өзгөчөлүктөр функционалдык стилдердин башка түрлөрүндө да кездешет. Бул жерде кыргыз тилиндеги көркөм

стилдин коомдук функциясын бөлүп көрсөтүү зарыл. Мына ушул көз караштан алганда гана көркөм стилдин кыргыз тилине таасири бар экени айкын болот».

Мына ушуга байланыштуу жогорку моралдык сапаттарды калыптандырууда стилистика чечүүчү роль ойнойт. Эне тилинин тагдырын ойлогон ар бир атуул үчүн стилистика маселеси дал ушундан улам маанилүү. Анткени ар бир адам адабий тилдин нормаларына ылайык сүйлөп, чөйрөсүндө башкалардын сөзүн угуп, берилген маалыматты талдап, угуучуга өз оюн так, туура, түшүнүктүү, логикалуу, орундуу, маданияттуу, экспрессивдүү, кырдаалга жараша кыска же талапка ылайык кеңири жеткире алышы чечүүчү мааниге ээ. Бул көрүнүш ар бир адам үчүн, анын кесиптик же социалдык абалына карабастан, ар дайым маанилүү болгондуктан, стилистика маселелери коомдо жашаган ар бир адам үчүн зарыл жана актуалдуу бойдон кала берет.

Сүйлөшүү тексттери башка функционалдык стилдеги тексттерге караганда тарыхый жактан эски жана маалыматтын жеткиликтүүлүгү принцибинин негизинде түзүлөт. Азыркы учурда биздин эң маанилүү милдетибиз — функционалдык стилдин бардык түрлөрүндө сүйлөө маданиятын толук ишке ашыруу аркылуу коомдун өнүгүшүн камсыз кылуу.

Ар бир функционалдык стилдин өзүнүн негизги өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, көркөм стиль экспрессивдүү маанини камтыйт, тилдин лексикасын эркин колдонот жана элестүүлүк менен эмоционалдуулукту берген түркүн түстүү сөздөр менен эле чектелбестен, аларды билгичтик менен колдонууну талап кылат. Ал окурманга турмуштук тажрыйбаны, моралдык-этикалык жана гуманисттик идеяларды ачып берип, улуттук психологияны тарбиялайт. Формалдуу иш стилинин өзгөчө белгилери болуп анын тактыгы, стандартташтырылгандыгы, жалпылыгы жана императивдүүлүгү (латынча: imperativus — буйрук берүүчү) саналат. Айкындык, кыскалык, тактык, ойдун ар кандай чечмеленишине жол берилбестиги формалдуу иш стилинин негизги мүнөздөмөлөрү болуп саналат. Бул стилде керектүү каражаттарды кайра-кайра колдоно билүү сүйлөө маданиятын жогорку деңгээлге көтөрүүгө өбөлгө түзөт. Айтылган ойдун маанилүүлүгүн көрсөтүүнүн мындай каражаттары сөздө тактыкты камсыз кылуу жана монументалдык салтанатка жетүү зарылчылыгы менен байланышкан. Тактыкты камсыз кылуу үчүн документте анын түзүлгөн убактысын жана ордун, документке катышуучу адамдардын фамилиясын, атасынын атын, кызмат ордун көрсөтүүчү сөздөр, ошондой эле күн тартибиндеги маселелерди кароонун тартибин жана ырааттуулугун көрсөтүүчү сандар, абзацтар жана башкалар колдонулат. Тактык бул сандардан кийин кашаага маанилүү цифраларды киргизүү менен да көрсөтүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, функционалдык стилдер кыргыз тил илиминде азыркы учурдагы эң актуалдуу маселелердин бири болуп саналат жана дагы бир нече изилдөөнү талап кылат. Келечектеги изилдөөлөрдүн жыйынтыгы стилистиканы жаңы багытка бурат жана кыргыз тилинде стилистика маселесинин жогорку деңгээлде өнүгүшүн шарттайт деген ишенимдебиз.

Колдонулган адабияттар

1. Азыркы кыргыз тили. Стилистика : окуу китеби / ред. Т. С. Маразыков [ж. б.]. – Бишкек : Avrasya Press, 2015. – 256 б. – ISBN 978-9967-464-58-2.
2. Анапияева А. А. Кыргыз тилиндеги неологизм-метеорлор / А. А. Анапияева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – № 8. – С. 338–341. – DOI: 10.26104/NNTIK.2023.84.48.072. – EDN: IDJLTR.
3. Айбашова Т. М. Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу : 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. – Ош, 2023.
4. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы : I–II китеп. Т. 1 / Т. Аширбаев. – Бишкек : Китеп.kg, 2018. – 351 б. – ISBN 978-9967-9127-2-4.
5. Виноградов В. В. Стилистика. Теория поэтической речи. Поэтика / В. В. Виноградов ; АН СССР, Отд-ние литературы и языка. – Москва : Изд-во Академии наук СССР, 1963. – 253, [2] с.

6. Горький М. О языке / М. Горький // Собрание сочинений : в 30 т. Т. 27 : Статьи, доклады, речи, приветствия (1933–1936). – Москва : Государственное издательство художественной литературы, 1953. – 546 с.
7. Рысбаев С. Сөз жөнүндө дастан / С. Рысбаев. – Бишкек, 2006. – 7-б.
8. Сальникова Т. П. Методика обучения грамоте : учебно-методическое пособие для преподавателей и студентов педагогических учебных заведений / Т. П. Сальникова. – Москва : ТЦ «Сфера», 2000. – 144 с.
9. Сартбаев К. К. Адабий тилдин стилдери / К. К. Сартбаев // Кыргызстан маданияты. – 1971. – 13-октябрь.
10.Мамытов Ж. Көркөм чыгарманын тили : жогорку окуу жайынын филология факультетинин студенттери үчүн окуу куралы / Ж. Мамытов. – Фрунзе : Мектеп, 1990. – 124 б.
11.Чыманов Ж. А. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери / Ж. А. Чыманов. – Бишкек, 1997. – 96 б.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Жумашова Н.

УДК 81.2/.44:81.362
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-72-77

Байболотова Ж.Т.
И.Арабаев атындагы КМУ
Байболотова Ж.Т.
КГУ имени И. Арабаева.
Baibolotova Zh.T.
I. Arabaev KSU

ORCID 0009-0001-2682-0731

СЫН АТООЧТОРДУН ДАРАЖАЛОО СИСТЕМАСЫНЫН АНГЛИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ ГРАММАТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
ГРАММАТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ СИСТЕМЫ СРАВНИТЕЛЬНЫХ СТЕПЕНЕЙ ПРИЛАГАТЕЛЬНЫХ В АНГЛИЙСКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКАХ.
GRAMMATICAL FEATURES OF THE DEGREES OF COMPARISON OF ADJECTIVES IN ENGLISH AND KYRGYZ

Кыскача мүнөздөмө: Бул макала англис жана кыргыз тилдериндеги сын атоочтордун даражалоо системасын грамматикалык жана морфологиялык жактан салыштырып талдоого арналган. Изилдөөдө сын атоочтордун предметтин сапатын жана белгинин даражасын билдирүүчү функциялары каралып, эки тилдеги даражалоо ыкмаларынын айырмачылыктары көрсөтүлөт. Англис тилинде даражалоо синтетикалык жана аналитикалык формалар аркылуу, ал эми кыргыз тилинде морфологиялык мүчөлөр жана кызматчы сөздөр аркылуу түзүлөрү белгиленет. Жүргүзүлгөн талдоо эки тилдеги даражалоо системасы универсалдуу грамматикалык категорияга негизделгени менен, алардын формалык түзүлүшү жана колдонулушу жагынан өзгөчөлүктөргө ээ экенин көрсөтөт. Жыйынтыктап айтканда, макала салыштырма грамматика жана экинчи тилди окутуу методикасы үчүн практикалык мааниге ээ.

Аннотация: Данная статья посвящена сравнительному анализу системы степеней сравнения прилагательных в английском и кыргызском языках с грамматической и морфологической точек зрения. В исследовании рассматриваются функции прилагательных, обозначающих качество предмета и степень проявления его признака, а также показываются различия в способах образования степеней сравнения в двух языках. В английском языке степени сравнения образуются с помощью